| | |
|---|---|
| **07.10.2021** | |
| **Предмети: Кыргыз адабияты** | **11-класс** |

**Сабактын темасы: Чыңгыз Айтматовдун өмүрү жана чыгармачылыгы**

| | |
|---|---|
| **Негизги компетенттүүлүктөр**<br>Маалыматтык<br>Социалдык – коммуникативдик<br>Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү | Сабактын тиби: Жаңы теманы өздөштүрүү<br>Колдонулуучу ыкмалар: Айтып берүү, түшүндүрүү, талкулоо, аңгемелешүү, суроо- жооп.(Интерактивдүү)<br>Сабактын жабдылышы: Ч.Айтматовдун Гүлсарат китеби, сүрөттөр, карточкалар, видео слайд.<br>**Предмет аралык байланыш:** Сүрөт, музыка, кыргыз тили,тарых |
| Сабактын максаттары | Көрсөткүчтөр |
| **А) Билим берүүчүлүк:** Окуучулар Ч Айтматовдун өмүрү жана чыгармачылыгы боюнча маалыматты билишет. Алган билимдеринин үстүндө топтордо чыгармачылык менен иштешет. | Окуучулар Чыңгыз Айтматовдун өмүрү чыгармачылыгы боюнча маалымат алышса.Алган билимдеринин үстүндө топтордо иштешсе. |
| **Б) Өнүктүрүчүлүк максаты:** Ч.Айтматов боюнча түшүнүктөрүн айтып берүү менен хронологиялык таблица түзүүгө көнүгүшөт. Элестетүүсү, ой, жүгүртүүсү, кабыл алуусу, эске сактоосу калыптанат. | Окуучулар түшүнүгүн айтып берүү менен жазуучунун басып өткөн жолун талдай алса. Элестетүүсү, ой жүгүртүүсү, кабыл алуусу, эске сактоосу калыптанса |
| **В) Тарбиялык максаты:**Бири – биринин сөзүнө маани берип, кол көтөрүп сүйлөөгө калыптанышат.<br>Залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовду окуп үйрөнүү жана адамдык улуулугун баалоого, сыйлоого жана ынтымактуу болууга тарбияланышат. | Бири – биринин сөзүнө маани беришсе, кол көтөрүп сүйлөөгө калыптанышса.<br>Залкар жазуучунун өмүр баянын, чыгармачылыгын окушса андагы адамдык улуулугун баалашса, сыйлоого жана ынтымактуу болууга тарбияланышса. |

**Сабактын жүрүшү:**

| **Сабактын этаптары** | **Убактысы** | **Мугалимдин иш аракети** | **Окуучунун иш аракети** |
|---|---|---|---|
| **1.Уюштуруу** | **3 минут** | Саламдашуу<br>Класста жагымдуу жагдай түзүү<br>Окуучуларды тактоо<br>Окуу куралдарын толуктоо | Окуучулар мугалим менен саламдашса<br><br>Сабакты жакшы кабыл алууга өбөлгө түзүлсө |
| **2.Өтүлгөн теманы кайталоо** | **3-5 минут** | Өтүлгөн тема боюнча суроо берүү менен кыскача аңгемелешүү | Окуучулар өтүлгөн тема боюнча суроолорго жооп берип кыскача аңгемелешсе |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **3.Жаңы теманы түшүндүрүү** | **5-8 минут** | Мугалим окуучулардын билимин текшерип алуу максатында Чыңгыз Айтматов боюнча суроо берет.<br>**Карточкаларды таратат.**<br><br>1. Залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун басып өткөн жолу?<br><br>2. Чыңгыз Айтматовдун силерге белгилүү кандай чыгармалары бар.<br><br>3. Жазуучунун кайсы чыгармасындагы каармандарды билесиң?<br><br>4. Айтматовдун кино тасмаларына тартылган чыгармаларын айтып бер?<br>**Окуучулардын оюн угуу.**<br><br>**Мугалимдин сөзү.** Кыргызстандын залкар уулу, дүйнөгө таанымал белгилүү жазуучу, коомдук жана мамлекеттик ишмер Ч.Айтматов Талас облусуна караштуу Кара-Буура районундагы Шекер айылында 1928-жылы 12-декабрда туулган.<br>1946-жылы Жамбыл шаарында Зооветеренардык техникумду, 1953-жылы К.И.Скрябин атындагы Кыргыз мамлекеттик айыл чарба институтун бүтүргөн, 1956-1958-жылдары Москвадагы Жогорку адабият курсунун угуучусу болгон. Согуш жылдарында өзүнүн туулуп өскөн Шекер айылында айылдык Кеңештин катчысы,1953-1956-жылдары Кыргыз мал-чарба илимий-изилдөө институтунун эксперементтик фермасында зоотехник, 1958-1960- | Окуучулар тема боюнча билгендерин эркин айтышат.<br>Билбеген суроолорду ортого салышат.<br>Карточкаларда катылган суроолорго жооп бере алышат.<br>Карточкадагы суроолорго талкуу жүргүзүшөт.<br><br> |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жылдары “Литературный Кыргызстан” журналынын редактору, 1960-1965-жылдары “Правда”гезитинин өз кабарчсы,1965-1986-жылдары Кыргызстан Кинематографисттер союзунун төрөгасы, 1988-1990-жылдары “Иностранная литература”журналынын башкы редактору, ССР Президентинин кеңешчиси,(1991-жылдан Кыргызстандын Бельгия мамлекетиндеги элчиси болгон)<br>Жазуучунун чыгармачылыгы студент кезинде башталган. Чыгармаларын кыргыз жана орус тилинде жазып, биринчи аңгемеси “Гезитчи Дзюйдо” деген ат менен 1952-жылы орус тилинде жазылган.<br>Жазуучунун чыгармалары кыргыз адабиятын эл аралык деңгээлде көтөрүп, чыгармалары КМШ өлкөлөрүнүн драма жана опера театрларынын сахналарында коюлган жана чыгармалары боюнча тартылган кинофильимдер Эл аралык кинофестивалдардын сыйлыктарына жана байгелерине татыктуу болгон. | <br>Окуучулар андан ары улантышат. |
| **4.Жаңы теманы бышыктоо** | **7-10 минут** | Мугалим окуучуларды оюн аркылуу топторго бөлөт да, ар бир топко ар кандай түстөгү карточкаларды таратат. (Сары, кызыл)<br>Сунуштарды айтат.<br>Толуктоолорду киргизет.<br>Топторду колдоп –кубаттайт. | Жазуучунун өмүрү жана чыгармачылыгы боюнча айтып беришет<br><br>Жазуучунун балалык чагын жана чыгармаларынан сүрөт тартып түшүндүрүшөт |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **5. Сабакты жыйынтыктоо** | **3-5 минута** | **Мээге чабуул**<br>1. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы кантип башталды?<br>2. Алгачкы чыгармасы кайсы тилде жазылган?<br>3. Жазуучунун атасы, апасы тууралуу айтып бер.<br>4. “Эми биз да “үчөө” болдук” деген сөз кайсы чыгармасында кездешет.<br>5. 1960-1965-жылдары кайсы газетага иштеген. | Окуучулар суроолорго жооп берүү менен<br>Аң сезими ойгонот, ойлонот, изденет, табат |
| **6.Үйгө тапшырма** | **2 минут** | Жазуучунун өмүрү жана чыгармачылыгн окуп, конспект жазып, кошумча маалымат чогултуп келүү | |
| **7.Окуучулардын билимин баалоо** | **2-3 минут** | Жыйынтыктоочу баалоо | Күндөлүктү толтуруу |